**Педагогикалык устакана**

Бул жөн гана сүрөт тартууну үйрөтүү эмес, баланын ички дүйнөсүн ачуу жана сулуулукту көрө билүүгө тарбиялоо.

**Көркөм өнөр мугалиминин педагогикалык кредолору:**

-  "Ар бир бала — таланттуу сүрөтчү. Менин милдетим — ошол талантын өчүп калышына жол бербөө."

-  "Дүйнөнү көрө билүүгө үйрөтүү — сүрөт тартууга үйрөтүүдөн маанилүүрөөк."

-  "Көркөм өнөр — бул сулуулукту көчүрүү эмес, жан дүйнөнүн сезимдерин түстөр аркылуу чагылдыруу."

-  "Баланын колуна кыл калем берүү менен, мен анын жүрөгүнө дүйнөнүн гармониясын орнотом."

-  "Чыгармачылык эркиндик бар жерде гана чыныгы инсан калыптанат."

**Максаты:**

Улуттук баалуулуктарды сактап калуу менен бирге көркөм өнөр предмети аркылуу келечек муунду татыктуу таалим тарбия берүү.
Үзгүлтүксүз окутуу чеберчилигин жогорулатуу.

Педагогикалык устакананын 3 түрү бар:

1. Көнүгүүлөрдү аткаруу устаканасы
2. Теория менен иштөө
3. Тажрыйба менен иштөө

**Багыты:**

- Илимий – методикалык адабиятты коллективдүү окутуу
- Жаңы билим берүүчү санариптик технологиялардын мультимедиалык презентациясы
- Практикада аткарылуучу көнүгүүлөрдүн аткарылышынын натыйжалуулугун текшерүү

**Педагогикалык устакананы уюштуруу.**

-Теманы аныктоо керек.
-Максат коюу керек.
-Топторго бөлөбүз.
-Ролдорго бөлүштүрөбүз.
-Теманы талкуулайбыз
-Көнүгүүлөрдүн презентациясы.
- Жыйынтыктоо.

## Үзгүлтүксүз кесиптик өнүгүү

**Үзгүлтүксүз кесиптик өнүгүү -** бул мугалим катарындагы бүт иш мезгилиндеги үзгүлтүксүз окутуу процесси, анын жүрүшүндө мугалим өзүнүн кесиптик билимдерин жана көндүмдөрүн жакшыртуу.

## Менин көркөм өнөр мугалимдерине сунушум...

*Көркөм өнөр — Көркөм чыгармачылык, дүйнө таанымдын көркөм образдар аркылуу элестүү чагылдырылуучу бир формасы;*

*Жаңы окуу жылында окуучуларга Көркөм өнөр предмети аркылуу эстетикалык билим, тарбия берүүдө курчап турган дүйнөдөгү адамды таң калтырган көркөм сулуулукту кабыл алуу, түшүнүү, сезүү жана жаратуу жөндөмдүүлүктөрүн калыптандырып өнүктүрүү – учурдун талабы. Окуу процессинин жүрүшүндө Кыргыз Республикасынын Президенти С. Жапаровдун «Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө» жана «Улуттук дем - дүйнөлүк бийиктик» уңгу жолу жарлыктары, мектептик жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартынын негизги талаптарын жетекчиликке алуу.*